**О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окуучуларынын ички, сырткы баалоосунун учурдагы жана 5 жылдык жыйынтыгы.**

**Ички жана сырткы баалоонун максаты:**

Окуучулардын билим сапатын аныктоо жана милдеттерди коюп,изилденген кемчиликтердин үстүндө иштөө.

**Милдеттери:**

1.Окуучулардын билимдерин так аныктап туруу

2. Билим сапатын көтөрүү

3.Сабактардын сапаттуу берилиши

4.Билим сапат боюнча мониторинг чыгаруу

## Ички баалоо:


Предметтер боюнча срез алууда 5-7-класстарынын окуучуларынан көбүнчө англис тили,орус тили жана математика,химия сабактарынан кыйналышат.

9,10,11-класстарынын окуучулары математика,физика,химия,англис тили сабактарынан кыйналышат.

Сабактардан 2022-2023-окуу жылынын башындагы алынган срез боюнча алсак


Англис тил сабагынан “0” срез боюнча окуучулар текстти окуганда, окутуп которгондо негизги көйгөй окуучулардын англис тилиндеги сөздөрдү туура эмес окуганы жана айтканы.Жаттап окуп алгандары тексттин мазмунун дээрлик баары түшүнө беришпейт.

Англис тил сабагы боюнча мониторинг




Математика сабагынан 5-6-класстарда тесттик материалдар окуу китебинен, 7-класста НЦТнын тестинен,8-11-класстарында эсептер жазылган кошумча китепчелерден алынды.

Математика сабагы боюнча мониторинг





Окуучулардын жалпы кыргыз тили предметинен жетишкен жактары:

Фонетикалык талдоону,көпчүлүгү алфавитти жакшы билишет.Тыныш белгилерин койгондо да ката кетиришкен эмес.Морфология бөлүмүн түзүк билишет.Байланыштуу кеп боюнча берилген суроолорго толук жооп беришкен.


Бардыгынын кетирген каталары: Аналогияны иштөөдө окшоштуктарды туура эмес табышкан,сүйлөм толуктоодо кыйналышат,кызматчы сөздөрдү туура эмес коюшат.Сөздүн курамы боюнча суроолор туура эмес белгиленген. 5-класстар жаңы баскычка келгендиктен тест иштөөдө кыйналышты.

Кыргыз тили сабагы боюнча мониторинг




Химия сабагынан “0” срез алганда кетирген каталары: эсеп чыгаруудан кычкылдандыруу даражасын табуудан, химиялык теңдемелерди теңдегенден,теңдеме түзүүдөн кыйналышып суроолор туура эмес белгиленген. Жетишкендиктери: салыштырмалуу атомдук массаларын табуу, электрондук катмарларды табуу,элементтердин атомунун электрондук формуласын,чектүү көмүр суутектерге туура жооп бере алышкан.

Химия сабагы боюнча мониторинг





Орус тили сабагынан срез алганда окуучулар грамматиткадан кыйналышты.

“0” срезде 5-класстын орус тили сабактан кыйналып жаткандыгы билинди,алар менен кошумча көбүрөөк иштеш керектиги мугалимге милдеттендирилди.

Орус тилинен “0” срезди алгандан кийин төмөнкүдөй жыйынтык чыгарса болот.

1. Окуучулардын өтүлгөн материалдарды өздөштүрүүсү начар
2. Окуп түшүнүүдө балдар берилген суроолорду түшүнө алышпайт
3. Тыныш белгилерин коюуда кыйналышат
4. Морфология,орфография бөлүктөрүн гана жакшы өздөштүрүшкөн.

Орус тили сабагы боюнча мониториг





Тарых сабагынан тест түрүндө срез алынып, Тарых сабагынан 1,2-чейректе дүйнө тарыхы өтүлүп жатат,2-жарым

жылдыкта же 3,4-чейректерде Кыргызстан тарыхы өтүлөт.Дүйнө

тарыхынан окуу программасы оор болгондуктан жогорудагыдай


жыйынтык болуп калды деп предметтик мугалим түшүндүрдү.

Тарых сабагы боюнча моиторинг





Биология сабагынан 9-11-класстар генетика бөлүмүнөн кыйналышат.

Биология сабагы боюнча мониторинг




География сабагынан тест алууда көпчүлүк суроолорго түшүнбөй калышкан. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүлөрү төмөндүгүн билдирди.

География сабагы боюнча мониторинг





**Төмөнкүдөй сунуштар айтылды:** предметтик мугалимдер “0” срезде билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн класстар менен иш алып барууну колго


алып, айрым окуучулар менен  жекече да иш алып барышсын. Башталгыч класстын мугалимдери ата-энелер менен тыгыз байланышып, жетишпеген окуучулар менен жекече иш алып барууну улантып,окуучулардын билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иштөө иши каралсын.

Окуу жылынын 1,2-жарым жылдыгынын аягында 5-11-класстарда негизги сабактардан кыргыз тили,орус тили,чет тили (англис), тарых, химия, физика математика сабактарынан административдик тесттер алынсын.


**О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин предметтер боюнча 2021-2022-окуу жылындагы билим сапатынын мониторинги**



## О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин предметтер боюнча 5 жылдык билим сапатынын мониторинги




## О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин билим сапатынын 5 жылдык мониторинги




2020-2021-окуу жылында билим сапатынын түшүп кетишинин себеби, 2019-2020-окуу жылында шартка байланыштуу пандемия учурунда онлайн окуутуу болгондо окуучулардын деңгээли төмөндөп кеткен.

**ЖМА**

**О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин**

**2021-2022-окуу жылындагы 9-классынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын бааларынын жалпы маалыматы.**

| Предметтер | Өтүлгөн күн | Окуучулаардын саны | «5» | «4» | «3» | Мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика (Алгебра )(комплекстүү тест) | 11.06.2022 | 34 | 3 | 13 | 18 | Балбаева А.Ж. Турдукучукова С.А |
| Кыргыз тили(дил баяндардын элементтери менен баяндама) | 11.06.2022 | 34 | 6 | 21 | 7 | Кангельдиева А.А. |
| Кыргыз адабияты(дил баяндардын элементтери менен баяндама) | 14.06.2022 | 34 | 7 | 21 | 6 | Кангельдиева А.А. |
| Орус тили(комплекстүү тест) | 17.06.2022 | 34 | 14 | 14 | 6 | Молдобаева Э.Ж. |
| Кыргызстандын тарыхы | 20.06.2022 | 34 | 1 | 11 | 22 | Байсеитова Г.А. |
| География(тандоо) | 21.06.2022 | 32 | 6 | 21 | 5 | Бектенов С.А. |
| Химия (тандоо) | 21.06.2022 | 2 | 2 | | | Эркинбек к А. |


**О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы 11-классынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын бааларынын жалпы маалыматы.**


| Предметтер | Өтүлгөн күн | Окуучулаардын саны | «5» | «4» | «3» | Мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили(эссе) | 11.06.2022 | 18 | 1 | 13 | 4 | Отомбаева Б.С. |
| Кыргыз адабияты ( эссе) | 11.06.2022 | 18 | 9 | 9 | - | Отомбаева Б.С. |
| Математика (алгебра) (комплекстүү тест) | 14.06.2022 | 18 | 4 | 14 | - | Балбаева А.Ж. |
| Кыргызстандын тарыхы | 17.06.2022 | 18 | 3 | 10 | 5 | Байсетова Г.А. |
| Орус тили (комплекстүү тест) | 20.06.2022 | 18 | 12 | 4 | 2 | Токоноева М.М. |
| География (тандоо) | 22.06.2022 | 16 | 10 | 6 | - | Бектенов С.А. |
| Физика (тандоо) | 22.06.2022 | 1 | | 1 | | Жеңишбеков Ж.Ж |
| Биология (тандоо) | 22.06.2022 | 1 | 1 | | | Эркинбек к А. |

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодо жыл сайын жогорудагыдай маалыматтар берлип турат.


2018-2019-окуу жылында 9-класстын 2 окуучусу ден соолугуна байланыштуу сабактарга эркин катышкандыктан ЖМАдан Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн буйругунун негизинде бошотулган.2019-2020-окуу жылында жана 2020-2021-окуу  жылында пандемияга байланыштуу ЖМАга баа окуучулардын жыйынтык бааларынын негизинде  комиссиянын чечими менен талданып,анализделип коюлган. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодо бүтүрүүчүлөргө коюлган баалар обьективдүү коюлат. 5 жыл ичинде эч кандай бааларга ж.б. ныаразычылыктар болгон жок. Комиссия мүчөлөрү тарабынан тынч жакшы өткөндүктөрү билдирилген. Баалар  бүтүрүүчүлөргө жана ата-энелерге убагында билдирилип турат. Жыйынтыгы ачык-айкын маалымат тактага илинет.

ЖМА боюнча 5-жылдык мониторинг



**Предметтик олимпиада боюнча 5 жылдык мониторинг**





Мектепте 5 жыл ичинде предметтик олимпиаданын республикалыктуруна катышкан окуучулар болгон жок. Предметтик олимпиаданын областтык турунда 2017-2018-окуу жылында география сабагынан 3-орунду 1-окуучу алган. 2018-2019-окуу жылы жана 2019-2020-окуу жылында география сабагынан активдүү катышуучу 1ден окуучу болгон. 2020-2021-окуу жылы кыргыз тили сабагынан активдүү катышуучу 1окуучу болгон. Райондук предметтик олимпиадаларда көбүнчө география,кыргыз тили,англис тил,тарых сабактарынан 1-3-орундарды алып келишет.

**Сырткы баалоодо** “Аракет”, “Билимкана” сырттан өтүүчү олимпиадасына да катышып турушат. 2018-2019-окуу жылында “Аракет” олимпиадасынын республикалык туруна кыргыз тили сабагынан 3 окуучу катышып келишкен. 2019-2020-окуу жылында “Аракет” олимпиадасынан кыргыз тили сабагынан 1-окуучу 5 орунду ээлеген.

“Билимкана” олимпиадасынын республикалык туруна кыргыз тили сабагынан 2020-2021-окуу жылында 1 окуучу катышып келген.


Мындан тышкары окуучулардын сырткы баалоо боюнча УБТ(НЦТ),НОВА,СЕКОМ тесттерине күз,жаз айларында катышып турушат УБТ(НЦТ) га окуучулар көбүнчө кыргыз тили,орус тили,география,тарых,англис тили сабактарынан тапшырышат.2017-2018-окуу жылдарга салыштырмалуу 2021-2022-окуу  сырткы баалоо тесттерине окуучулар активдүү катышып келишет.

## УТБ(НЦТ)га катышкан окуучулардын билим сапаты тууралуу мониторинг





НОВА тестине окуучулар жыл сайын катышып келишет.Жеринде алышкандыктан окуучулар саны көбүрөөк катышып келишет.НОВА тестинен окуучулар математика,окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо,окуу жана түшүнүү,кыргыз тилинин практикалык грамматикасы боюнча билимдери текшерилип турууда.

Жалпы орточо балл менен алганда беш жылда төмөнкүдөй жыйынтык болду.




СЕКОМ тестине окуучулар жыл сайын сырткы баалоого катышып келишет.Жылдар менен салыштырганда орточо балл менен алганда окуучулардын беш жылдыкта төмөнкүдөй жыйынтык берди.




Жетишкендиктерибиз: кийинки жылдары окуучулар УТБдан география,орус тили,тарых сабактарынан жакшы бааларга  тапшырып келишкени.Сырткы баалоого катышуу менен окуучулардын билим деңгээли, билгичтиктери калыптанууда.Тапшырган тесттери боюнча анализ жүргүзүшүүдө. Мугалимдер сырткы баалоодо кайсы сабактан,кайсы суроодон кыйналгандыгын аныкташып,кошумча тест түзүп иштешүүдө. Ново,Секом тесттин жыйынтыгы менен орточо 125,118 балл алышканы .

Алсыз жактарыбыз: ата-энелер балдарын акча каражаты жетишсиздигинен сырткы баалоо тестерине катыштыра албай калышы.Айрым ата-энелердин балдарынын келечегине кайдыгер көз караштары.

**ЖРТ боюнча 5 жылдык жыйынтык маалымат**

| | 2017-2018-окуу жылы | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы катыш.саны | 12 | 13 | 12 | 14 | 16 |
| 110 баллга чейин | 5 | 1 | 5 | 7 | 7 |
| 110 баллдан жогору | 7 | 12 | 7 | 7 | 9 |
| Негизги орточо балл | **117** | **147** | **113** | **115** | **109** |
| Тарых | 59,1 | 66,6 | 73,7 | 61 | 69 |
| Биология | 64,5 | 61 | 61,3 | 58 | 59 |
| Англис тил | | 66,5 | 63 | 69 | 66,4 |
| Химия | | | 57,7 | 49 | - |
| Физика | | | 43 | 59 | 60 |
| Кыргыз тили | | | 57 | | 74,5 |
| Математика | | | | 60 | 43,5 |
| Орус тили | | | | | 74,6 |

ЖРТ боюнча мониторинг




2018-2019-окуу жылына караганда кийинки окуу жылдары ЖРТнын жыйынтыгы төмөн болду.

Окуу-тарбия иштер боюнча директордун орун басары: Мукамбетакунова Н.Р.